*УДК 821.512.154.*

***Кырвели С.,***
*КТУ «Манас»,*
*Гуманитардык факультетинин*
*илимий кызматкери,*
*safa.velioglu@gmail.com*

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА ЭТНОМАДАНИЙ ДЕФОРМАЦИЯНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ ТУУРАЛУУ КЫСКАЧА ОЙ ЖҮГҮРТҮҮЛӨР
## *(«Ак кеме» жана «Кылым карытаар бир күн» аттуу чыгармаларынын негизинде)*

***Аннотация:*** *Макалада түрк дүйнөсүнүн чыгаан инсаны жана ойчул жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» жана «Кылым карытаар бир күн» аттуу чыгармаларынын негизинде кыргыз этномаданиятынын деформацияланышынын көркөм чагылдырылышы маселеси изилдөөгө алынат жана бул изилдөөлөрдүн натыйжасындагы илимий табылгалар тууралуу кыскача ой жүгүртүүлөр жөнүндө маалымат берилет. Көркөм чыгармаларда этномаданияттын деформацияланышы актуалдуу бир маселе болгондуктан бул тема анализге алынды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Чыңгыз Айтматов, «Ак кеме», «Кылым карытаар бир күн», кыргыз этномаданиятынын деформацияланышы, этномаданий деформациянын көркөм чагылдырылышы, көркөм анализ.*

***Аннотация:*** *В статье исследуются проблемы художественного отражения деформации кыргызской этнокультуры на основе произведений писателя-философа Чингиза Айтматова, великого представителя тюркского мира. В данной работе представлены рассуждения о научных находках результатов исследования. Анализ темы продиктована актуальностью проблемы деформации этнокультуры.*

***Ключевые слова:*** *Чынгыз Айтматов, «Белый пароход», «И дольше века длится день», деформация кыргызской этнокультуры, художественное отражение деформации этнокультуры, художественный анализ.*

***Abstract:*** *This paper discusses the issues of representation of ethno cultural deformation in the works of a prolific and engaged writer and leading novelist of the Turkic world Chyngyz Aitmatov on the basis of his novels "The Day Lasts More Than a Hundred Years" (1980) and "The White Steamboat" (1970). Furthermore it illustrates some thoughts on the scientific findings of this investigation, since the topic of the analysis of the representation of ethno cultural deformation in literary works is considered one of the essential issues.*

***Keywords:*** *Chyngyz Aitmatov, The Day Lasts More Than a Hundred Years, The White Steamboat, Kyrgyz ethno cultural deformation, representation of ethno cultural deformation, literary analysis.*

"*Маданият*"[1] сөзүн ачып түшүндүрүп бере турган болсок, албетте анын аныктамалары көп. Түрк дүйнөсүнүн белгилүү ойчул философтарынан Зия Гөкалп өзүнүн "*Түркчүлүгүн Эсаслары*" аттуу атактуу чыгармасында "*маданият*" деп: "*кандайдыр бир элдин диний, тарбиялык, укуктук, акылга таянган, эстетикалык, тилдик, экономикалык жана илимий жашоосунун ритмикалык мүнөзгө ээ болгон бир журналы болуп эсептелет*" [5, 27-б.]. Ибрахим Кафесоглу болсо өзүнүн "*Түрк милли күлтүрү* (*Түрк улуттук маданияты*)" аттуу эмгегинде "*маданият*" сөзү үчүн кыскача "*Бир элдин жүрүм-турум таризи*" [6, 16-б.].

Кыргыз илимий эмгектеринде "*маданият*" сөзү төмөндөгүчө түшүндүрөт: "*өндүрүштүк, коомдук, акыл-эс билим жагынан адам баласынын жетишкен ийгиликтеринин жыйындысы болуп эсептелинет*" [7, "маданият" макаласы.]. Демек, кыргыз тилиндеги "*маданият*" кандайдыр бир элдин же коомдун тарыхый процесстке ээ болгон абстрактуу же конкреттүү бүт баалуулуктары болуп эсептелинет. Бул аныктамалары албетте көбөйтсө болот.

[1] "маданият" сөзү арап тилиндеги "мадина (шаар)" деген сөздөн келип чыккан. "маданият" болсо арап тилинде "шаардык" маанисинде колдонулат.

"*Этномаданият*" болсо чечмелегенде "этникалык маданият"; кандайдыр бир улутка таандык болгон маданият дегеле "*улуттук маданият*" болуп эсептелинет. "*Деформация*" сөзүнүн чечмелеш үчүн болсо "*Салмагы өзгөрүлбөсө да, сырткы формасынын бузулушу*" аныктамасын алсак болот.

"*Деформация*" сөзүн аныктамасын өтмө мааниде алып, ага этномаданиятты кошгондо алдыбызга "*этномаданий деформация*" чыгат. Анткени мында өтмө мааниде маданияттын салмагы өзгөрүлбөсө да анын формасынын бузулушу бар. Этномаданий деформация, кандайдыр бир элдин маданий баалуулуктарын жоготуусу, өзүнүн өзөктүү асыл баалуулуктарынан алыстоосу, коомдогу адамдардын өзүнүн маданиятын таштап башка бир элдин маданиятына кабылуусу болуп эсептелинет.

Азыркы күнгө чейин этномаданий деформация тууралуу көп эмгек жазылган албетте. Мунун адабиятка да таасири болгон. Биз болсо бул ишибизде түрк дүйнөсүнүн улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун «*Ак кеме*» жана «*Кылым карытаар бир күн*» аттуу чыгармаларынын негизинде этномаданий деформациянын чагылдырылышы маселесин колго алабыз. Чыгармалардан буга үлгү боло турган үзүндүлөрдү анализ кылабыз.

Чыңгыз Айтматовдун «*Ак кеме*» повести, өз мезгилинде окурман жана адабий коомчулукта кызыгуу жараткан чыгармалардын бири. Г. К. Абдыкадырова өзүнүн "*«Ак кеме» повестинин сюжеттик концепциясы*" аттуу макаласында "*Ч.Айтматов козгогон адамдын жашоо-тагдыры, эзелки ата-бабанын салты, өткөндүн эстетикалык сабагы, азыркы күндөгү турмуштук-тарыхый, социалдык проблемалар, адам жана табият маселеси "Ак кеменин" сюжетинин ажырагыс рухий идеясы*". Бул ойго кошулуу менен бирге бул чыгарманын пессимисттик маанайда жазылган мүнөзүнө, баланын өлүмү менен аяктаган окуяларга окурмандар каршы болуп, повесттин соңун башкача бүтүрүлүшүн сунуштагандар да болгон.

«Ак кеме» чыгармасында этномаданий деформацияга үлгү боло турган эң биринчи маселе Орозкул жана анын жүрүм-турумун маселеси. Анткени этномаданий деформациянын белгилери Орозкулдун образынан өтө айкын көрүнөт.

"*Чоң курсагы керген ак көйнөгү кашатынан чыгып, түктүү киндигинен өйдө түрүлүп кетиптир. Улам кулгун коюп, мас келаткан экен Орозкул. Бирөөнүкүндө аябай мейман болуп, кымыз менен аракты кана ичип, этти тоё жеп, жаңы эле аттанып чыккан түрү бар*" [1, 36-б.].

Келтирилген үзүндүдө аракты суудай ичкен, жашоо кызыкчылыгынан ажырап, убактылуу мансап менен кошомат үчүн керек болсо жанын сатууга даяр Орозкулдун образы тартылган. Бул образ этномаданий деформацияга чоң үлгү.

Жазуучу, Орозкулдун образы аркылуу ар дайым табият менен ажырагыс биримдикте жашаган кыргыздардын бара-бара жаратылыштан алыстоосун, ал эле эмес ага зыян алып келүүдөн кайра тартпаган зыянкечтигин ашкерелейт:

"*- Быйыл кыш эрте келчүдөй, ошого чуулдап жатат го, - деди Момун сөздү башкага буруп, Орозкулдун көңүлүн саал жумшартышка. – тоо ашып кетүүгө камынып калышкан го. Биз тынчын алып койдук окшойт, ошого чуулдашып жатабы, - деди таандардын ызы-чуусу үчүн күйөө баласынан кечирим сурагансып.*

*- Тынчын алган ким экен? – деп Орозкул көзүнөн чаары чыга жалт кылчайды. Бетине кан тээп, кара-көк болуп чыкты. – Көп тантыбагын, абышка, - деди акырын ызырына.*

*Көрсөң жыландын башын чыгарып турганын! Сенин таандарыңын тынчы кетет деп, бутак сындырбай, карагай кесе албайт экенбиз го. Тапкан экенсиң майбашты! Азырынча бул жердин ээси менмин», - деп ичинен кыжырланып алды да, төбөдөгү чуулдаган таанды бир карап койду. – азыр колумда пулемёт болсобу!.. – анан оюн бүтпөй терс бурулуп, ашата сөгүндү*" [1, 80-б.].

Орозкулдун кайын атасын кыпынчалык да сыйлабай, кайра ага өөдөсүнүп «сен да адамсыңбы, мен бар үчүн күн көрүп жүрөсүң» дегени улууларды урматтап кичүүнү ызаттаган кыргыз каада-салтына жат көрүнүш болуп эсептелет:

"*Момун унчукпады. Күйөө баласынын богоозуна ал бышы кулак болуп калган. «Жини дагы кармадыбы, - деди ичинен кейип. – Ичип алса да жинденет. Эртеси башы ооруса да, сиркеси суу көтөрбөй калат. Эмне үчүн адам баласы ушундай болуп кетер экен? – деп Момундун айласы түгөнөт. – Жакшылык кылсаң, жамандык ойлонот. Же уялып койсочу, же ойлонуп калсачы, тообо! Ушундай боло келген, ушундай болуп атат, ушундай боло бермек деп ойлойбу. Айтканым айткан, дегеним деген, меники гана туура дейт да турат. Көзүн карап, көпөлөк болуп чарк имерилбесең, зордоп көндүрөт. Дагы ушинтип башкарганы эки-үч киши болуп, токой арасына калганы жакшы болгон жкен. А кокус чоңураак бийлик мындайлардын колуна тийсе эмне болмок? Кудай, бетин көрсөтпө…Анан калса ушундай кишилердин аягы суюлбай чыга бергенин кантесиң. Өзүм гана деп турат: мен, мага, мен үчүн деп, жаныңды сууруп алат. Бирөөнүн канын соруп турбаса жаны жай албайт. Ошондо деле ушулардыкы туура болуп чыга келет. Мындайлардын уругу үзүлбөйт экен го…»*

*- Эс алдык, болду,- деген Орозкулдун үнү чалдын оюн бузду. - Кеттик! - деп бурулду Орозкул. Жөнөп беришти*" [1, 80-81-б.].

Орозкулда сый-урматтын да жоктугу анын канчалык этномаданий деформацияга учураганынын көрсөткүчү.

"*- Па, ширкин экен сенин атаң,— деп солдат жигит чын ниетинен таң калды. - Кандай гажайып адам. Бирак, сенин мына казан басыңды түккө аспайтын дуниемен толтырып бүткөн экен… Кулагың да дурыс экен, биздин полигандагы локатырдын өзү. Сен атаңды көп тыңдай берме. Космоско ушын, коммунизмге бара жаткан халыкпыз. Атаң болсо эртегинин аңгимесин айтып гой. Биздеги саясы окыга атаңды тартуу керек экен. Сонда оның көзү ашылады. Жигит боласың, окы окыйсың, окыны бүткөн соң атаңан алыс кеткейсиң. Ол караңгы, мадениетсиз киси гой*" [1, 116-б.].

Келтирилген үзүндүдө совет мезгилинде ата салтын, баба мурасын, жети атасын билген кишилерди караңгы деп эсептеген көз караш сүрөттөлгөн. Коммунизм идеологиясынын адамга өз атасын "маданиятсыз" деп коюшуна чейин канчалык түрдө таасир этишин байкап жатабыз.

Жогоруда келтирилген үзүндүлөрдөн кээ бир жыйынтыктарга келсе болот. Орозкулду советтик

системанын кошоматчысы десе болот. Түркиялык окумуштуу Айше Йылмаз өзүнүн "*Бозкырда ешерен севда түркүлери*" аттуу эмгегинде Орозкулду Советтик системанын жактоочусу деп, ушуга кошо Орозкулдун Советтик мамлекетти өзүнүн кызыкчылыгы үчүн колдонгонун айтат. [3, 69-б] Анын өзүнөн чоң кишилерге болгон мамилеси де буга кошо жаман нерсе. Түркиялык башка бир окумуштуу Себахаттин Чагын өзүнүн "*Женгиз Айтматов ве Гүн Олур Асра Бедел Романы*" аттуу эмгегинде Орозкулду "*каада салттарына жана улуттук маданиятынан бөтөн, ыймансыз*" [9, 11-б.] сыяктуу сөздөр менен сындайт. Орозкул, этномаданий деформациянын эң чоң үлгүлөрүнөн бирөө. Бул тууралуу дагы айтып кетсек башка бир изилдөөчү Сема Өзхер өзүнүн "*Беяз Геми Адлы Романдаки Йүже Бирей Аркетипи*" аттуу макаласында Мүйүздүү Бугу-Эне уламышына көңүлүбүздү буруп, бугулар өлтүрүлгөндөн кийин кыргыздар өздөрү жашаган жерди таштап кеткенин эскерткен. Өзхер, Орозкулдун да Мүйүздүү Бугу-Энени өлтүрүшү менен ыйык баалулуктардын да жок кылынганын айтат жана анын ою боюнча "*деградация, пара, шаардашуу жана орусчага болгон катуу кызыгуу коомдун соңун даярдайт*" [10, 87-б.] деген ой бар. Албетте коомду коом кыла турган баалуулуктардын жоголуп, анын ордуна тескери жаман нерселердин келиши анын соңун даярдайт. Изилдөөчү буга кошо бала өзү ишенген баалуулуктардын тебеленип тепселгенин өз көзү менен көрүп анан өзүнүн жанын кыйгандыгын, бирок анын өлүшүнүн бир соңку нерсе эмес, бардыгын ойлонууга чакырган чакырык болгондугу тескерисинче экинчи бир жаздын башталышын бизге кабар бере турган жарчы болгонун айтат.

Орозкулдун жаратылышка кылган зыянкечтиги да баарыбызга маалым, токойдун кылымдардан бери сакталып келе жаткан, эч кандай нерсе менен баалоого мүмкүн болбогон, кунсуз дарактарына кылган мамилесин жакшы билебиз. Жаратылыштагы айбандар үчүн ар бир дарактын маанисин айтуунун кереги жок. Орозкул кескен дарактардын эсеби да жок. Өзхер, өзүнүн макаласында Орозкулдун баласынын болбогондугу тууралуу "*Орозкул өлгөндөн кийин өзүнүн канынан жана жанынан бирөөнүн калбоосу бул жаратылыштын өз өзүн сактоосу үчүн алган алдын ала чара*" [10, 86-б.] деп тагдырдын балээси табигаттын Орозкулга берген бир жазасы катары көрсөтүп комментариялайт.

Мүйүздүү-Эненин канчалык этномаданий бир дөөлөт болгонун айтуунун кереги барбы? Белгилүү адабиятчы Кеңешбек Асаналиев өзүнүн "*Тандалмалар*" аттуу китебинде мындай дейт: "*Окуянын жүрүшүндө Мүйүздүү-Эне жөнүндөгү жомокту карыя Момун эмес, баланын айтышы айрыкча көркөмдүк-функционалдык мааниге ээ. Анткени, бала Мүйүздүү Бугу-Эненин табиятта бар экендигине, ал эртеби-кечпи бир келерине, шаа мүйүзүнө кондуруп, алтын бешик – бакыт алып келерине чексиз ишенет. Ошон үчүн Мүйүздүү-Энеден табиятта ыйык эч нерсе жок*" [4, 8-б.], демек ушунчалык этномаданий жактан ыйык бир дөөлөт болгон Мүйүздүү Бугу-Энени союп өлтүргөндөр ошончолук катуу этномаданий деформацияга учураган кишилер катары алдыбызга чыгат.

Айтматовдун эң жакын досторунан бирөө болгон Мухтар Шахановдун "*Чыңгыз Айтматов «Кылым карытар бир күн» романы менен эле адабият тарыхында калмак*" деген сөзү бар. Бул сөз чыгарманын көркөмдүгү жагынан канчалык бийик деңгээлде тургандыгынын бир көрсөткүчү.

Чыңгыз Айтматовдун «*Кылым карытаар бир күн*» романы тууралуу кыска маалыматтарга көз чаптыралы. Айтматовдун «*Кылым карытаар бир күн*» же ("*Бороондуу бекет*") аттуу туңгуч романы, чыгармаларынын эң көлөмдүүсү болуп, идеялык-көркөмдүк, сюжеттик курулушу жагынан да башка көлөмдүү чыгармаларынан айырмаланып турат.

«*Чыңгызхандын ак булуту*» повести бул романдын уландысы, анткени жазуучу «*Кылым карытаар бир күн*» романында тагдыры белгисиз болгон Абуталип менен окурманды кайрадан жолуктуруп, муну менен кошо Чыңгызхандын трагедиясын көркөм баяндайт. Кыргыз адабиятына, лексикасына жана дүйнөлүк адабиятка, лексикага жаңы сөздү киргизди бул "*маңкурт*"[2]. Жана ошондой эле жазуучу өзүнүн чыгармаларында өзүнүн стилине жараша образдуу мааниде колдонгон көп сөздү кыргыз адабиятынын сөз казынасына кошкон.

Айтматов, бул чыгармасын 1979-жылдын декабрында баштап, 1980-жылдын март айында аяктаган, демек жазуучу бул романын төрт айда жазып бүтүргөн. Бул чыгарманын сюжети жазуучунун жан дүйнөсүндө илгертеден бери сакталып келе жатып, мүмкүнчүлүк болгон убакытта бир отуруп жазып бүтүргөн чыгармасы десек жаңылбайбыз. Ошондуктан бул чыгармада жазуучунун илгертеден бери жан дүйнөсүндө сактап келе жаткан ыңгайлуу бир маалда кагазга төккөн ойлоруна күбө болобуз.

Жазуучу унутулуп келе жаткан илгерки уламыштарды мисалы алсак "*Мүйүздүү Бугу-Эне*" ("Найман-Эне") уламышын бул чыгармасында колдонуп, бул уламышты азыркы замандын проблемалары менен байланыштырган. Чыңгыз Айтматовго таандык өзгөчөлүктөрдүн бири – кандайдыр бир идеяны тереңдетип, андан жаңы бир идея чыгарып, акырында андан жапжаңы чыгарма жаратып окурманга сунуу.

«*Маңкурт*» темасы, жалгыз Айтматовдун эмес, башка кыргыз жазуучуларынын чыгармачылыгында да кездешет. Негизинен маңкурт адам бул өз элине таандык каада-салтты, наркты, ата-бабалардан калган маданий баалуулуктарга шек келтирип, аларды жериген, жаңыча заманды туура эмес түшүнүп, башкаларга да муну жайылтууга аракет кылган адамдар болуп эсептелет. Ал эми Чыңгыз Айтматовдун интерпретациясында маңкуртизм андан да тереңирээк, татаал идеяларды өзүнө сиңирет.

Түркиядагы "Арт Аврася Тв" атындагы телеканал тарабынан 2006-жылы Кыргызстандын түрдүү жерлеринде Кыргызстан тууралуу документалдык тасма тартылган. Бул документалдык тасмага Айтматов менен болгон бир интервью да кошулган. Айтматов бул ин-

[2] "Маңкурт" сөзү бул романдан мурун «Манас» эпосунда колдонулган, жазуучу бул сөздү эпостан алып өзүнүн чыгармасында колдонгондон кийин окурман жааматына белгилүү болуп келген. Кийин бул сөз «манкуртизм» сыяктуу болуп түрк дүйнөсүндө кеңири колдонула баштап, кийин орус тилине да өтүп «манкуртизация» деген сөзгө айланып колдонулуп келе жаткан үлгүлөрү да бар. "Маңкурт" сөзү Азыркы заманда бүткүл дүйнөгө кеңири белгилүү эл аралык бир термин катары тароодо.

тервьюсунда "*маңкурт эмне?*" деген суроонун жообун, маани-маңызын мындайча түшүндүрөт: "*Маңкурт бул душман тараптын буйругу астына кирип, өзүнүн маданий дөөлөттөрүнө жана үй-бүлөсүнө кыянатчылык кылгандардын орток аты болуп эсептелинет. Башкача айтканда режимдин зордук зомбулук кылуусунун же адамдын өз өзүнө чоочун болуп кетүүсүнүн натыйжасында адамдын өз мүнөзүн, коомдук жана маданий эс тутумун жоготуусу, аң-сезим жагынан кул болуусу болуп саналат. Маңкурташып кул болуп кеткен адам мындан кийин кожоюнунан башкасын тааныбайт. Апасын да бабасын да унутуп, өзүнүн адамдыгына тиешелүү эч нерсени эстей албайт. Мындан кийин оозу бар бирок тили жоктой болуп калат. Кожоюнуна каршы чыгууну же ага бейбаштык кылууну такыр ойлоно албаган бир киши болот аягында*"

«*Кылым карытаар бир күн*» романындагы Сабитжан – маңкурттардын маңкурту, башкача айтканда маңкурттардын ичинен да эң коркунучтуусу. Себеби ал өзүнүн ата-тегин алдагачан унутуп, алар менен болгон байланышты түбөлүккө үзгөн жана мунусу менен сыймыктанган адам. Өзү айткандай, «*радио сигналы аркылуу башкарылуучу адамдын жаңы тиби*». Жер бетиндеги макулуктардын арасынан эстүүсү, тиричилик улантууга жана жоктон бар жасоого жөндөмдүү бирден-бир макулукту, башкача айтканда адамды башкалардан так ошол акыл-эс айырмалап турат. Акыл-эсинен ажыраса, адам аты калат. Айбандан эч бир айырмасы калбайт.

Эне-Бейит – Наймандардын улуу көрүстөнү. Казангаптын «*Мен өлгөндө Эне-Бейитке койгула*» деген керээзин Эдигей жакшы билгендиктен, Казангапты акыркы сапарга узатуу аземин өз мойнуна алат. Эдигей Казангапты терең урматтагандыктан, маркумдун акыркы керээзин кандай да болсо аткарууга өзүн милдеттүү деп эсептейт. Эң башта Казангаптын мезгилсиз өлүмү менен жашып, бираз бошой түшкөн Эдигей белин бекем бууп, өлүк көмүү салты боюнча кошуна-колоңду чакырып, аза расмисине башкарууга өтөт.

Салт боюнча маркумду акыркы сапарга узатып, үй-бүлөсү, балдары, кыздары, келиндери, тууган-уруктары, айтор баары көзүнөн жаш чыгарып, муңайып турушу керек эле. А бирок бардыгынын ойдогудай болбой жатканын көрүп, Эдигейдин ызасы келет, Казангаптын урматталып узатылбай жатканына куйкасы курушат.

Эдигей менен Сабитжанды байланыштырып турган Казангаптын өлүмү бирине адамдык парз болсо, бирине – жөн гана убакыт өткөрүү болуп эсептелет. Сабитжан үчүн Эне-Бейит эле эмес, өлүк көмүү расмисинин да кыпындай бир мааниси жок. Ар кайсы сөздүн башын бир айтып, эртеден кечке иш менен алек болгондорду алаксыткандан башка пайдасы жок Сабитжан атасынын өлүмүн сезбеген да сыяктуу. Кайра ишти аягына бат эле чыгарып, шаарга кетүүнүн камын ойлогон Сабитжан Эдигейдин эмнеге туталанып жатканын чыны менен түшүнбөйт:

«*Каранарын аябай жасалгалап комдоду. Килем саймалуу, узун чачылуу эскиден калган жабууну жапты. Үкүбала аспиеттеп катып жүргөн той-салтанаттанда гана катылчу баш боо, буйла боосун катты. Эдигейге бүгүнкү күн да жооптуу, олуттуу күн эле...*

*Ком салып бүткөн соң буурасын тургузду да, кетенчиктей берип ары айланып карады, бери айланып карады. Ичинде өз ишине ыраазы болду, сыймыктангандай турду. Каранар жасалгалуу ком астында бараандуу да, келишимдүү да. Жаштар көрүп алсын, айрыкча Сабитжан түшүнсүн: жакшы жашап, жакшы өткөн жакшы кишинин өлүмү кайгылуу болсо да, азалуу болсо да оор жүк же кыжаалат түйшүк эмес, салтанат, ошого жараша урмат-сый болуш керек. Бирөөлөр музыка коёт экен, башкалар туу көтөрүп, мылтык атып көмөт, дагы бөлөктөр гүл чачат. Ар элдин өзүнчө расмиси бар...*

*Бороондуу Эдигей болсо эртең эртеменен чачылуу калы килем жабылган Каранарга минет да Казангаптын акыркы жолуна, түбөлүк жатчу жайы Эне-Бейитти көздөй кербек баштап жөнөйт... Сары-Өзөктүн уч-кыйырсыз чөлүн кезип, жолду катар Эдигейдин оюнда Казангап болот. Ошол ою менен сөөгүн ата-бабасы жаткан бейитке берет. Экөөнүн убадасы ушундай болгон. Ырас, Казангаптын керээзи, экөөнүн убадасы ушундай болгон. Жол алыспы-жуукпу, бирок Казангаптын керээзин аткарпай коюуга Эдигейдин жолун эч ким, кала берсе уулу да бөгөй албайт...*

*Дал ошондой болот, аны баары билип алсын, ошол үчүн Каранар жасалгалуу комдолду.*

*Баары көрсүн. Эдигей Каранарды кашаадан жетелеп чыкты да, тамдарды айлана жетелеп, Казангаптын жер-кепесинин алдына алпарып байлап койду. Баары көрсүн, Эдигей сөзгө турган адам, убада баркына жеткен адм. Бирок, аттиң, баары бир маалда көрбөй калбадыбы... »*

*Ал антип жүргүчө Эдилбай куркут учурун таап, Сабитжанды четке чакырып кетти.*

*-Бери жүрчү, сөз бар.*

*Сөзү деле узун сабак сөз эмес экен. Эдилбай айлантып-тегеретпей эле түз айтты:*

*-Атаңын досу, Бороондуу Эдигей деген киши бар экенине, Сабитжан, сен ыраазы болмогуң оң. Атаны ата салты менен көмөлү, ага сен жолтоо болбогун. Шашсаң кармаган жерибиз жок. Сен үчүн топуракты мен салып коём!*

*-Ата меники, эмне кылсам...- деп баратты эле Сабитжан, Эдилбай сөзүн бөлүп салды:*

*-Ата го сеники, бирок сен өзүң өзүңкү болбой калыпсың го.*

*-Ай сен да оозуңа келгенин, оттой берет экенсиң, - деп Сабитжан жалтактап калды. – Эне-Бейит болсо ошо болсун, айырмасы кайсы, мен жөн эле алыстыгынан...*» [2, 33-34-35-беттер.]

Үзүндүдө келтирилгендей, Сабитжандын өзүнө-өзү таандык болбой калышы менен автор советтик идеологияга жан-дили менен берилген адамдарды айтайын деген:

*«Сөз ушуну менен бүттү. Эдигей Каранарды эл көзүнө ачык байлап коюп, кишилерге кошулду да: «Силер айткан сөз жигиттин айтар сөзү эмес. Мындай кишини Эне-Бейитке коёбуз...» - деди эле лам деп бирөө аный дебеди, баары макул болушту.»* [2, 35-б.]

Бул үзүндүлөрдөн улам өзүнүн характеринде чоочундашуунун чокусун жашаган Сабитжан, Айтматов жараткан эң маанилүү каармандардан бирөө. Жаш кезинде тоталитардык режимдин интернаттарында окуп жашагандыгы үчүн идеологиялык догмалардын таасиринде чоңойуп билим алган жана тоталитардык режимдин бул окуу жайларында үйрөнгөндөрүнүн баарын догма катары кабыл алып, бул догмаларды

өзүнүн характерине сиңирген. Кыргыз маданиятына таандык эч бир демилгеси болбогон Сабитжан, өзүнү адам кыла турган этномаданий баалуулуктарын жоготкондуктан албетте бул баалуулуктарды шылдыңдайт. Түркиялык окумуштуу проф. докт. Рамазан Коркмаз, Сабитжан үчүн "*Өзүнүн маданий баалуулуктарына чоочун кылынган Сабитжан өңдүү адамдар, коом үчүн потенциалдык түрдө коркунучтуу кишилер болуп саналат*" [8, 148-б.] - дейт.

Түрк дүйнөсүнүн улуу ойчул жазуучусу Чыңгыз Айтматов өзү жараткан Орозкул жана Сабитжан өңдүү каармандар аркылуу этномаданий деформацияны окурманга туюндуруп, этномаданий деформация жараткан адамдарга окшобош керек экендигине көңүлдөрдү бурган. Айтматовдун эмгектеринде түрдүү образдар, сюжеттер аркылуу чагылдырылган адабий чыгармачылык аркылуу дүйнөлүк окурмандын баары гуманизмге үгүттөлгөн. Өзүнүн чыгармаларында дүйнөлүк окурманга сабак берген Айтматовду, кыргыз элинин «Манас» эпосунан кийинки эң чоң улуттук мурас катары кабыл алуусу бекер эмес.

***Адабияттар***


1. *Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: «Ак кеме» 3-том. Роман, аңгемелер. /Түз. Абдылдажан Акматалиев. – Б.: Бийиктик, 2008. - 480 б.*
2. *Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: «Кылым карытаар бир күн» 4-том. Роман, аңгемелер. /Түз. Абдылдажан Акматалиев. – Б.: Бийиктик, 2008. - 544 б.*
3. *Айше Йылмаз, Бозкырда Ешерен Севда Түркүлери, Өтүкен Нешрият, Истанбул-2007. - 112 б.*
4. *Зия Гөкалп, Түркчүлүгүн Эсаслары, Варлык Яйынлары, Истанбул-1968. - 143 б.*
5. *Ибрахим Кафесоглу, Түрк Милли Күлтүрү, Өтүкен Нешрият, Истанбул-1997. - 466 б.*
6. *Кыргыз тилинин сөздүгү, КРУИА, -Б., 2010. - 890 б.*
7. *Рамазан Коркмаз, Айтматов Анлатыларында Өтекилешме ве Дөнүш Излеклери, Графикер Яйынлары, Анкара-2014. - 232 б.*
8. *Сабахаттин Чагын, Женгиз Айтматов ве Гүн Олур Асра Бедел Романы, Академи Китабеви, Истанбул-2000. - 74 б.*
9. *Сема Өзхер, "Беяз Геми Адлы Романдаки Йүже Бирей Аркетипи", Қожа Ахмет Ясави атындагы эл-аралык казак-түрк университети // "Билиг" № 37, жаз / 2006. - 150 б.*